DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Эмилбекова Ж.Э., Мамбеталиева А.А.*

## КАРА БАРПЫ ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН АЗЫРКЫ КЕЗДЕГИ АБАЛЫ

*Эмилбекова Ж.Э., Мамбеталиева А.А.*

## СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ АКОНИТОВ КЫРГЫЗСТАНА

*J.E. Emilbekova, A.A. Mambetalieva*

## THE MODERN CONDITION OF ACONITE IN KYRGYZSTAN

*УДК: 547.944.7(575.2) (04)*

*Макалада кара барпынын түрүнө багытталаган илимий адабияттардан алынган маалыматтар анализденди. Кара барпынын дарылык касиети жана ар түрдүүлүгү кеңири берилди. Кыргыз Республикасынын элдик медицинасында анын тамырларын кымызда же сууда тундурушат, же болбосо майдаланган абалда тамырларын ысык эт менен жасалган тамактарга колдонушат жана кургак учук, радикулит жана баш ооруларын дарылоо үчүн колдонушат. Ошондой эле тамырларын рак ооруларын дарылоо үчүн дагы колдонуп келишет. Тамырлары 2,35% га чейин, ал эми жер үстүндөгү органдары 0,5% га чейин алкалоиддерди кармайт. Ошондой эле тамырлары крахмалды жана органикалык кычкылдарды кармайт. Жер үстүндөгү органдары алкалоиддердин төмөндөгүдөй түрлөрүн: - фенил - ß-нафталамин, караколин, неолин, дельсолин, монтикамин, сонгорин, напеллин, изоболдин, карасамин жана башкаларды кармайт.*

***Негизги сөздөр:*** *уу коргошун, дарылык касиети, өзгөчөлүктөрү, эндемик, флора, сабактары, тамырлары, Борбордук Азия.*

*В статье проведен анализ информациям из научных литератур, направленные видам аконита. Рассмотрены область расспространения аконитов и их условия произрастания. Особое внимание было уделено видовому разнообразию и лекарственным свойствам аконитов. В кыргызской Республике народной медицине клубни настаивают на кумысе, воде или в измельчённом виде клубни добавляют в горячий мясной бульон и используют для лечения туберкулеза, радикулита и головной боли. Клубни также используют при лечении раковых болезней. Клубни содержат до 2,35%, надземные органы – до 0,5% алкалоидов. Также клубни содержат крахмал и органические кислоты. Надземные органы содержат алкалоиды - фенил ß- нафталамин, караколин, неолин, дельсолин, монтикамин, сонгорин, напеллин, изоболдин, карасамин и другие.*

***Ключевые слова:*** *аконит, лечебная свойства, особенности, эндемик, флора, стебли, корни, Центральная Азия.*

*The article analyzes information from scientific literatures directed to the types of aconite. The area of distribution of aconites and their growing conditions are considered. Particular attention was paid to the species diversity and medicinal properties of aconites. In the Kyrgyz Republik of folk medicicine, tubers insist on kumis water or, in crushed form, tubers are added to hot meat broth and used to treat sciatica tuberculosis and headache. Tubers are also used in the treatment of cancer. Tabers contain up to 2,35% aerial organs up to 0,5% alkaloids. Also tubers contain coach and organic acids. Aboveground organs contain the alkaloids phenyl ß cafthalamine, caracoline, neolin, delsolin, monticamine, songorin, napellin, isoboldine, carasamine and others.*

***Key words:*** *aconite, medicinal properties, features, endemic, flora, stems, roots, Central Asia.*

Кара барпы өсүмдүгүнүн уулуу жана дарылык касиети бар экендиги байыркы убакыттарда эле адамдарга белгилүү болгон. Ал жөнүндө грек уламыштарынан да билебиз. Б.А.Федченко (1906), П.П. Крылов (1927), М.Г. Попов (1940), Е.И. Штейнберг (1937), В.Н. Ворошилов (1945) кара барпыны изилдөөдө көп эмгек жумшашкан жана изилдөө иштерин жүргүзүп келишкен. В.Н. Ворошиловдун айтуусу боюнча жер шаарында уу коргошундун 300 дөн ашуун түрү бар экендигин белгилеген. Алар түшүмдүү жана нымдуу жерлерде таралат.

Илимде көптөгөн окумуштуулар уу коргошунду эң биринчи изилдеген окумуштуу катары австралиялык врач Антони Штёрк (1762) деп эсептешет. XIX кылымдын башталышында уу коргошун дары каражаты катары сунуштала баштаган. Орто Азиянын флорасы, анын ичинде уу коргошунду совет ботаниктери П.С. Массагетов (1926), Е.П. Коровин (1934), В.С. Соколов (1952), Е.В. Никитина (1959), Р.А. Айдарова (1955), С.С. Сахобиддинов (1953), А.И. Губанов (1960) жана башка окумуштуулар түрдүк курамына, кайсы аймактарда таралганына, ошондой эле уу коргошун флорасын өз кезегинде терең изилдөөлөрдү ботаниктер А.Ч. Турчанинов (1842), В.Л. Комаров (1915), Т.Накай (1953), А.А. Алдашев (1979) жүргүзүп келишкен.

Уу коргошун уулуу өсүмдүк экендиги тууралуу М.И. Райский (1909), Т.А. Генри (1956) көптөгөн маалыматтарды берип келишкен. Орто Азия боюнча уу коргошундун 11 түрү өсөт. Ал эми Кыргыз Республикасында 9 түрү өсөрү белгилүү болгон. Кыргыз Республикасында жунгар уу коргошуну (Aconitum Soongoricum Stapf), Ысык-Көл уу коргошуну (Aconitum karakolicum Rapcz), Талас уу коргошуну (Aconitum talassicum), Токой уу коргошун (Aconitum nemorum) жана башкалар. Алар элибизде кара барпы же уу коргошун деген ат менен белгилүү. Ал эми орус тилинде сөзмө-сөз которгондо “ядовитый свинец” деп которулат. Орус тилинде “борец” деген ат менен колдонушат. Латын тилинде “аконит” деп аталат. Уу коргошундар байчечекей тобуна кирүүчү көп жылдык өсүмдүк.

Ысык-Көл уу коргошуну. Ысык-Көл облусунда таралган эндемик өсүмдүк. Тамырлары конустуу жемиш сыяктуу. Сабактарынын бийиктиги эки метрге чейин жетет. Жалбырактары сабактарына жабышып

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



турат, кыска жалбырак саптуу; жалбырак пластинкасынын сөлөкөтү тегерек, узундугу 10 смге чейин жана туурасы 15 см, түптөлгөн жерине чейин 5 сегментке салаа-салаа болуп жарылган; ар бир сегмент 2 же болбосо 3 сызыктуу бөлүктөргө бөлүнөт, ар бир бөлүк туурасынан 1,5-3 ммге чейин. Ар түрдүү чөптүү шалбааларда, карагайлуу токойлордо кездешет. Июль-сентябрь айларында гүлдөйт, август-октябрь айларында мөмө бере баштайт. Уругу менен көбөйөт. Кыргыз Республикасынын элдик медицинасында анын тамырларын кымызда же сууда тундурушат, же болбосо майдаланган абалда тамырларын ысык эт менен жасалган тамактарга кошушат жана кургак учук, радикулит жана башка ооруударына дарылоо максатында колдонушат.

Талас уу коргошуну. Кууш - конус сыяктуу тамырлуу, көп жылдык чөп өсүмдүгү. Сабактары 1,5 метр бийиктикке чейин жетет. Жалбырак пластинкасы тегерек - беш бурчтуу, узундугу 6-11 см жана туурасы 7-16 см, дээрлик башталышына чейин ичкерип кеткен шынаа сымал 3-5 сегментке салаа-салаа болуп жарылган; ар бир сегмент 2-3 жазы канжар сыяктуу бөлүктөргө бөлүнгөн, бөлүктөрдүн жээктери өткүр курч ири тишчелерге ээ. Гүл тобу – баш жагындагы сабакча. Гүлдөрү туура эмес, беш желекче түрүндөгү чөйчөкчө жалбыракчалар. Мөмөсү үч уялуу мөмөчө. Кыргыз Республикасынын Талас облусунда, Өзбекстан Республикасынын Ташкент жана Самарканд облусттарында таралган. Субальпы зоналарында, дарыя жээктериндеги нымдуу шалбааларда, арча дарактарынын араларында кездешет. Июнь-август айларында гүлдөйт, август-сентябрь айларында мөмө бере баштайт. Элдик медицинада Талас уу коргошунун тамырынын тундурмасын Борбордук Азияда кызыл жүгүрүк, безгек ооруударында колдонушат.

Бурма кара ак темгилдүү уу коргошун (Аконит белоустый). Тамырлары боо сыяктуу болгон, көп жылдык чөп өсүмдүгү. Сабактары 70-200 см бийиктикте, тик болуп өсөт. Жалбырактары чоң, узундугу 10-20 см жана туурасы 20-40 см, салаа-салаа болуп жарылган, 5-11 айчыктуу; тамырынан чыккан жана сабагынын төмөн жагындагы жалбырактары узунураак-жалбырак саптуу. Гүл тобу – жогорку жагындагы коюу, көп гүлдүү сабакча; гүл саптары эки жан жалбырактары менен. Айырмалануучу өзгөчөлүктөрү болуп чөйчөкчө жалбыракчаларынын ичи дээрлик ак болот. Июль-август айларында гүлдөйт, август-сентябрь айларында мөмө бере баштайт. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл, Чүй облустарында таралган. Өзбекстан Республикасынын флорасында кездешпейт. Карагай жана арча токойлорунун четтеринде, токойлуу талааларда, көбүнчө түндүк беттеринде басымдуулук кылат [13].

Жунгар уу коргошуну. Бийик көп жылдык чөп өсүмдүгү. Тамырлары горизнотталдык багытта. Сабактары жөнөкөй, бийиктиги 1,3 метрге чейин жетет. Уругу 4-5 мм узундукта. Борбордук Азияда токойлуу-шалбаа зоналарында, Кыргыз Республикасынын түндүк капталдарында таралган. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен Өзбекстан Республикасынын флорасында кездешпейт. Даамын жана жытын текшерүү өтө кооптуу, себеби абдан уулуу келет. Ревматизм, радикулит оорууларына, Индия жана чыгыш медицинада дары катары колдонушат [7].

Ак кодол уу коргошуну (A.rotundifolium) сабактары ичке бийиктиги 7-75 см өңү кочкул боз түстө. Тамыры эки түрдүү узун жана тегерек. Көбүнчө альпы, субальпы шалбааларында таралган. Суусамырда, Суулу-Талды-Булак капчыгайында, Чаткал өрөөнүндө бийиктиги 1 метрге жетет. Июндун экинчи жарымынан баштап, августтун биринчи жарымына чейин гүлдөйт.

Зеравшан уу коргошуну (zerouscchanicumisteinb) сабактары бийик, 20-100 смге чейин жетет. Альпы, субальпы шалбааларында Алай кырка тоосунда таралган. Июль айында гүлдөйт. Мамлекеттибизде жаныбарлар азык катары жебейт. Жаныбарлар үчүн зыяны анча чоң эмес, себеби уулуулугу өтө күчтүү эмес. С.С. Сахобиддинованын (1955) материалында Зеравшан уу коргошуну Өзбекстан Республикасынын элдик медицинасында тамырын элдин ден-соолугуна кам көрүү максатында колдонуп келишет [2].

Кандай гана дары каражаты болбосун, ага врачтын жана дары чөптү билген дарыгердин көрсөтмөсү болгондо гана аны колдонуш керек. Дары өсүмдүктөрү врач тарабынан көзөмөл болмоюнча көрсөтмөлөрүсүз жана дарыланууга болбойт, анткени алардын айрымдары өтө уулуу келет. Андан тышкары өз алдынча билимсиз колдонуу оор залакаларга алып келип, өлүмгө дуушар кылган учурлар көп кездешет.

Акыркы убакта чөптөр менен дарылоону сүйүүчүлөрдүн көп сандуу армиясы пайда болду. Элдин ден-соолугуна дары өсүмдүктөрдү пайдалануу чоң зыян алып келет. Өзгөчө рак, радикулит, гипертония жана башка оорuларды айыктыруучу ар кандай керемет таасири бар, тамырларды пайдалануу опурталдуу. Гезиттердеги макалалар да, кээде "элдик" каражаттардын рецептеринин кыйла толук түшүндүрмөсү менен чыгып жаткан өсүмдүктөр жөнүндөгү маалыматтар да кандайдыр бир зыян алып келиши мүмкүн [6].

Уу коргошунду дары катары Кыргыз Республикасынын элдик медицинасында эле эмес Кытай Эл Республикасынын медицинасында, ошондой эле орус, араб, индия, тибет элдик медицинасында да баалуу дары каражаты катары пайдаланышат.

Талас уу коргошунун изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында мындай тыянак чыгарышкан. Талас уу коргошунун тамырын алып, 114 келемишке 19 тажрыйба жүргүзүшкөн. Анда биринчи ирет ар бир келемиштин 1 кг салмагына 10-1000 мг чейинки өлчөмдөгү уу коргошундун тамырын майдалап порошок түрүндө беришкен. Ал учурда келемиштерге эч кандай таасир берген эмес. Экинчи ирет 1200 мг өлчөмүндө бере

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



баштаганда гана өз таасирин берген. Бул учурда келемиштердин абалы, дем алуусу начарлап, шилекейлери агып эс-учун жогото башташкан. Келемиштерге 3500 мг өлчөмүндө бере баштаганда гана өлүмгө дуушар болушкан. Бирок ошого карабастан келемиштердин бардыгы дароо эле кырылып калган эмес. Алгачкы ирет дене мүчөлөрү кыймылга келбей, андан соң жан бере башташкан [3].

Ал эми Кытай Эл Республикасынын аймагындагы фишер уу коргошунун алып 174 келемишке 29 тажрыйба жүргүзүшкөн. Анда биринчиден 10-50 мг чейинки өлчөмдө уу коргошундун тамырын майдалап порошок түрүндө беришкен. Албетте ал учурда эч кандай таасир берген эмес да 174 келемиштин бардыгынын абалы жакшы деңгээлде болгон. Өкүнүчтүүсү 700 мг өлчөмүндө бергенде келемиштер жан берип, өлө баштаган. Жыйынтыктап айтканда өз кезегинде У.Денстон жана Т.Генри (1905) деген окумуштуулар белгилүү уу коргошундардын алколоиддери башкача айтканда химиялык курамын эки группага бөлүп карашкан:

1) Аконит - татаал эфир күчтүү уулуу алколоиддер;
2) Отицииндер - аминоспирттер аз уулуу алколоиддер.

Жогоруда айтып өткөндөй Талас уу коргошунунун уулуулугу аз экендигин, Фишер уу коргошунунун уулуулугу күчтүү экендигин белгилеп кеттик. Ал эми Талас уу коргошунунан айырмаланып “Каракол” жана “Жунгар” уу коргошундары абдан уулуу келет. Илимде көптөгөн окумуштуулардын айтуусу боюнча “Каракол” жана “Жунгар” уу коргошундарынын уулуулугу бирдей экендигин баса белгилешкен. Аталган уу коргошундар ветеринария тармагында да тамырын бодо малдар үчүн дары катары колдонуп келишет (Д.Б.Лейкин, 1948). “К токсикологии джунгарского аконита” деген илимий диссертациясында эксперименттик иштерди жүргүзүүнүн натыйжасында жунгар уу коргошунунан адамдар жыйырма жолу уулангандыгын баса белгилеп өткөн (М.Райский 1909). Семирчен облусунда адамдардын Ысык-Көл тамырынан алты жолу ууланганды̆гын баса белгилеп жазган. Химиялык анализдерди жүргүзүшкөндө адамдардын ашказандары уулангандыгы белгилүү болгон. М.Райскийдин изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында Ысык-Көл тамырынын адамдарды ууланууга алып келген өлчөмү 0,5-1,0 грамм экендигин жазган [2].

Жумгал өрөөнүндөгү Байзак айылынын түндүк капталынан орун алган “Көлмө” аттуу жайлоосунда уу коргошундар өсүшөт. Ал жердин атын жергиликтүү эл “Уу төр” деп аташат. Албетте жыл сайын жайыт катары пайдаланылып келет. Эң коркунучтуусу болуп бул мал-жандыктар уу коргошун жеп алып, ууланууга дуушар болуп келишүүдө. Бул сөздө уу коргошунду жеп алып, мал жандыктардын бары кырылып калды десек жаңылыштык кетирген болобуз. Мисалы, жылкы, уй (бодо малдар) жебейт. Аз сандагы койлор, көбүнчө эчкилер жеп алып, ууланышып өлүмгө дуушар болушат. Окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча мал 15 граммын эле жеп алса ууланат. Айрым учурларда мал жаңы ууланууга дуушар болгондо, жергиликтүү эл сүт берип сактап калган учурлар да болот. Негизинен “Көлмө” жайлоосуна биринчи жолу чыгып жаткан мал-жандыктар ууланууга дуушар болот. Жергиликтүү эл күз айларында тамырын казып келип дарылыкка колдонгондор да бар.

Адам ууланганда чыйрыгып, жүрөгү айланып, кусуп, дем жетпей муунуп, дем алуу басаңдап баштайт. Эгерде адамда жогорудагы белгилер байкалса, дароо дарыгерлерге кайрылуусу зарыл. Уу коргошун дарылардын курамына химиялык жол менен кошулбайт. Аны жөн гана табыптар дары чөптөр менен алектенген адамдар дары жасап, адамдын ден-соолугуна кам көрүп келишет. Акыркы жылдары уу коргошун жакшы изилденип, жаңы касиеттери ачылууда. Себеби айлана-чөйрөнүн булганышынын натыйжасында, оорулар көбөйүп келүүдө. Дал ушул максатта дарыгер окумуштуулар изилдөө иштерин жүргүзүп келүүдө. Уу коргошундун буудайдай өлчөмүн жеп алган киши мүрт кетет. Ошондуктан өтө сак жана кылдат мамиле жасашыбыз керек. Ден-соолукту сактоо ар бир адам баласынын ыйык милдети. Андыктан ден-соолукту сактап, айлана-чөйрөнү коргой билели.

**Адабияттар:**


1. Айдарова Р.А. Флора Киргизской ССР. – Ф., 1955.
2. Алдашев А.А. Акониты. - Ф., 1979
3. Алдашев А.А. Акониты в этиологии пастбищных токсикозов овец. - Ф., 1964.
4. Ворошилов В.Н. Об аконите высоком и близких к нему видах на территории СССР. - М., 1952.
5. Губанов А.И. Алкалоидоносные растения Тянь-Шаня и Джунгарского Алатау. - М., 1960.
6. Дүйшөнбек Чомо уулу. Табыпчылык уулу сыр. - Б., 2008.
7. Кендирбаева А.Ж. Лекарственные растения леса. / Журнал Лес-Токой, 2001
8. Коровин Е.П. Растительность Средней Азии. - Т., 1934.
9. Массагетов П.С. Туркестанская экспедиция ВНИХФИ в 1925 г. “Химфарм” журнал, 1926.
10. Никитина Е.В. Ядовитые, вредные и непоедаемые растения пастбищ Киргизской ССР. - Ф., 1955.
11. Попов М.Г. Растительный покров Казахстана. - М., 1940.
12. Сахобиддинов С.С. Словарь местных и научных названий полезных и вредных растений Средней Азии. - Т., 1953.
13. Саша Айзенман, Давид Э. Зауров, Кайыркул Т. Шалпыков, Лена Струве. Орто Азиянын дары өсүмдүктөрү: Өзбекстан жана Кыргызстан. – Б., 2014.
14. Соколов В.С. Алколоидоносные растения СССР. М., 1952
15. Стегайло Е.А. Забиров И.Ш. دручевская З.А. Отравления ядовитыми растениями киргизии. - Ф., 1970.
16. Федченко Б.А. АНР 1904, 23, Consp, Flor, Turx. 1906
17. Штейнберг Е.И. Аконит или борец. Флора СССР, 1937